**Ош Мамлекеттик Университети**
**Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын**

# №2 ПРОТОКОЛУ

*12.11.25. Ош шаары*

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: *м.и.д.,проф. Калматов Р.К.*
Окумуштуулар кеңешинин катчысы: *Мурзабек кызы Асел*
Катышкандар: 22
Келбегендер: 6 *себептүү*
Чакырылгандар: *жок*

## КҮН ТАРТИБИ:

1. Эл аралык медицина факультетинин 2024-2025-окуу жылынын окуу иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттери, максаттары жөнүндө. (жооптуу: Декандын окуу иштери боюнча орун басарлары: Джумаева Л.М., Исмаилов И.Ж., Оморова А.Н..)
2. Программалык аккредитациянын IAAR агенттиктеринин эксперттик бүтүмдөрүнүн рекомендацияларынын аткаруу планын талкуулоо (жооптуу: Программа жетекчи: Абдимомунова Б.Т.)
3. Ар түрдүү маселелер

*Кыргыз Республикасынын Гимни угулду.*

1. Эл аралык медицина факультетинин 2024-2025-окуу жылынын окуу иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттери, максаттары жөнүндө.

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов күн тартиби менен тааныштырды жана регламент бекитилди. Биринчи маселе боюнча сөз эл аралык медицина факультетинифакультетини окуу иштери боюнча декандын орун басары Л.М.Джумаевага берилет .

**Джумаева Л.М.:** 2024–2025-окуу жылында факультеттин окуу жүгү 206 000 саат түзүп, толугу менен аткарылды. Бул көрсөткүч студенттердин, айрыкча кышкы кабыл алуунун көбөйүшүнө байланыштуу жогорулады. Факультеттин окутуучуларынын сапаттык курамы жакшырды, көрсөткүч 38%дан 42%га өсүп, лицензиялык талаптарга шайкеш келүүдө.Чет элдик окутуучулардын саны өткөн жылдагы 9дан 14кө көтөрүлүп, үлүшү 3%дан 5%га жетти.Ошол эле учурда айрым көрсөткүчтөр начарлаган. Штаттык жана айкалыштыруучулардын катышы – 64 /36% тузду. Лицензиялык талап боюнча медициналык адистиктерде 70% штаттык, 30% айкалыштыруучулар болушу керек. Аккредитацияга чейин бул көрсөткүчтү оңдоо зарыл. ОПК–студент катышы талап боюнча 1:12ден жогору болбошу керек, бирок учурда 1:13,7 (267 окутуучу, 3835 студент). Бул көрсөткүчтөрдү жакшыртуу талап кылат.
Сессиянын жыйынтыктары брошюрада көрсөтүлгөндүктөн, убакыттын тартыштыгына байланыштуу кайталап токтолбойм. 4- жана 5-курстарда сапаттык көрсөткүч өткөн жылга салыштырмалуу жогорулаган. Магистратуранын «ОЗ» багыты боюнча да сапаттуу көрсөткүч өсүп, 1 студент окуудан четтетилген. PhD докторантура жана нутрициология багыттары боюнча сапаттык көрсөткүч 100%ды түздү. Жалпысынан 4–5-курс жана магистратурада,докторантура сессияны тапшыруу көрсөткүчү 99% болуп, кайра тапшырууга чейинки көрсөткүч 81%ды түздү. Докторантура жана магистратурада академиялык карыздар жок, 4-курстун 44 студентинде академиялык карыз бар.

Факультеттин негизги көрсөткүчтөрү төмөнкүдөй:
– 2024–2025-окуу жылында факультет QS Asia рейтингинде 13-позицияга ээ болгон;
– TOEIC экзамени активдүү тапшырылууда;
– Факультеттин KPI көрсөткүчү өсүүдө;
– Үч баскычтуу билим берүү туруктуу жана ийгиликтүү жүргүзүлүүдө;
– FMGE боюнча студенттердин натыйжалуулугу кыйла жогорулап, быйыл ийгиликтүү өткөндөрдүн саны 50–52%, ал эми биринчи аракетте тапшыргандардын көрсөткүчү 55%ды түздү, бул көрсөткүч өткөн жылы биринчи жолу 50%дан ашкан.

**Оморова А.Н.:** 2024–2025-окуу жылында студенттердин академиялык көрсөткүчтөрүнө жүргүзүлгөн анализге ылайык, 1-курстун 2-семестринде (дарылоо иши) 11 студент 2 экзамен жана 10 зачет тапшырып, эң жогорку көрсөткүчтөр латин тили, анатомия, клиникалык химия жана орус тили боюнча, орточо көрсөткүчтөр Россия тарыхы, правоведение, чет тил, психология, педагогика жана идеология боюнча катталса, эң төмөнкү көрсөткүчтөр медицина тарыхы, гистология, биология жана тестология боюнча 72%ды түздү. 2-курстун 4-семестринде 9 студент 4 экзамен жана 7 зачет тапшырып, сандык жетишкендик 100%ды түздү, эң төмөнкү көрсөткүч топографиялык анатомия жана оперативдик хирургия боюнча 60,6% болду. 3-курстун 6-семестринде 6 студент окуп, экзамендер жана зачеттор боюнча бардык көрсөткүчтөр жакшы болуп, академиялык карыздар катталган жок. Стоматология факультетинде 2-семестрде 4 студент 2 экзамен жана 10 зачет тапшырып, негизги дисциплиналар боюнча жогорку көрсөткүчтөргө жетишсе, эң төмөнкү баалар биохимияда белгиленди. 4-семестрде 5 студент 3 экзамен жана 7 зачет тапшырып, жыйынтыктары негизинен жакшы болуп, фармакология эң татаал дисциплина болду. 3-курстун 6-семестринде (стоматология)  3 экзамен жана 8 зачет боюнча төмөнкү көрсөткүчтөр лучевая диагностика, неврология, ЛОР жана кариесологияда катталды, студенттердин саны аз болгондуктан бир начар баа жалпы пайызды олуттуу төмөндөтөрү белгиленди. Кышкы кабыл алуу боюнча 8 предмет анализденип, алардын жарымынан көбүндө жогорку көрсөткүчтөр болгон, эң татаал дисциплиналар пропедевтика внутренних болезней жана ЛОР болуп чыкты. Ошондой эле 3-курстун 6-семестринде башка топто 10 предмет боюнча көрсөткүчтөрдүн көбү жогорку деңгээлде болуп, эндокринология боюнча орточо 89% катталды. Өткөн окуу жылында жалпы 14 студент окуудан четтелди , алардын ичинен экөө башка ЖОЖго өткөн, экөө окуу процессин аткарбагандыктан, экөө контрактты төлөбөгөндүктөн чыгарылган, үчөө окуу жай менен байланыш жок болгондуктан,4 студент университеттин ички тартибин бузгандыгы үчүн.

**Исмаилов И.Ж.:** Саламатсыздарбы,окумуштуулар кенешини мүчөлору.1курс кышкы кабыл алуу, 2-курс кышкы жана күзгү кабыл алууда жалпысынан 1536 студент билим алат,1-курстар боюнча орточо абсолюттук жетишкендик 99,7%жана сапаттык жетишкендик 88,7% тузду.жалпысынан 2-курс боюнча 32 кредит окутулду,664 студент бтлим алды.2-курстар боюнча орточо абсолюттук жетишкендик 99,3%жана сапаттык жетишкендик 87,4% тузду.1-курс кышкы кабыл алуу- бул курста жалпы 68 студент билим алды,абсолюттук жетишкендик-100%,сапаттык жетишкендик-92% тузду..2-курс кышкы кабыл алууда жалпысынан 42 студент билим алат,бсолюттук жетишкендик-97.7%,сапаттык жетишкендик-89.1% тузду.Ар кандай себептер менен 2024-2025 окуу жылында 1-2- курстардын арасында  окуудан 41 студент четтетилди. 2024–2025-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча 1-2 курстун студенттеринин арасында  анкетирлөө жүргузүлгөн. Анкетирлоонун жыйынтыгы боюнча студенттердин окуу процесси, окутуучулардын ишмердүүлүгү жана факультеттин жалпы иши боюнча жогорку көрсөткүчтөрдү көрсөтүүдө.  Анкетирлөөгө 501 студент катышып, алардын орточо 88% факультеттин окутуу сапатына жана окутуучулардын ишине канааттанарын билдиришкен. Студенттер окутуучулардын сабак түшүндүрүү деңгээлин 88,9% жана студенттерге болгон мамилесин 91,3% «мыкты» деп баалашкан. Сабактын мазмуну боюнча орточо канааттануу 87%, практикалык сабактардын пайдалуулугу 84,5%ды түздү, бул практикалык билимдерге болгон кызыгуу жогору экенин көрсөтөт. MyEDU платформасы боюнча 90,5% студент баалоонун ачык-айкындыгын, 92% адилеттүүлүгүн белгилеп, техникалык

мүчүлүштүктөр 7% гана студенттер тарабынан көрсөтүлгөн. Деканат жана администрациянын иши боюнча 1–2-курстардын студенттеринин 86–89% оң пикир билдирип, байланыш жана маселелерди чечүү ылдамдыгы жакшырганы белгиленди. Жалпы жыйынтык катары студенттердин жогорку канааттануусу факультеттин сапаттык өнүгүүсүн жана академиялык процесстин туруктуу өсүшүн айгинелеп, 2025–2026-окуу жылына карата практикалык сабактарды күчөтүү, илимий кружокторду кеңейтүү, материалдык базаны жакшыртуу жана санариптик мониторингди өркүндөтүү боюнча ишти улантуу зарыл экенин көрсөттү.

**Төрага Калматов Р.К.:** Рахмат, баарыныздарга. Урматтуу кесиптештер боюнча суроолор барбы?

**Семетей Манасович:** Сапаттык жетишкендик көп предметтрде 100% корсотуп жатат. Акредитация отуу алдындатурганыбызда бул суроолорду жаратпайбы?

**Джумаева Л.М.:**Корсоткуч 100% болсо, бул зачет болуп эсептелет; бул УГМУнун эки дипломдуу программасына жана өндүрүштүк практикага гана тиешелүү. Калган эч бир курстарда,эч бир предметте абсолюттук корсоткуч да 100% эмес.Башка эч бир курс же предмет боюнча абсолюттук көрсөткүч да 100% эмес.

**Амиралиев С.М. : Бир да студенттин 2 деген баа алганын коро албадык?**

**Джумаева Л.М. :**Берилген маалыматтар кайра тапшыруулар жүргүзүлгөндөн кийинки жыйынтыктар болуп саналат. Жобого ылайык, экзаменден «2» баасын алган студенттерге бир айлык мөөнөт ичинде кайра тапшыруу уюштурулуп, алар экзаменди кайра тапшырышат.

Биринчи маселе боюнча ОшМУнун эл аралык медицина факультетин Окумуштуулар Кеңешинин 2025-жылдын 12-ноябрындагы №2-жыйынындагы отурумунда Эл аралык медицина факультетинин 2024-2025-окуу жылынын окуу иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттери, максаттары боюнча жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде

**ТОКТОМ кылат:**

1. НААР аккредитациясынан кийинки сунуштарды толук аткаруу жана алардын үзгүлтүксүз мониторингин жүргүзүү.
2. Клиникалык ой жүгүртүүнү, коммуникациялык көндүмдөрдү өнүктүрүү, диагностикалык жөндөмдөрдү жакшыртуу жана командада бирдиктүү иштөөнү камсыздоо максатында, айрыкча клиникалык базаларда аудиториялык фондду көбөйтүү.
3. Илимий кружоктордун санын көбөйтүү жана студенттик долбоорлорду колдоо.
4. Билим берүү процессин модернизациялоо төмөнкү көрсөткүчтөрдү жогорулатуу аркылуу ишке ашырылсын: дисциплиналардын жана практикалардын программаларындагы электрондук билим берүү ресурстарынын үлүшү, китепкана фондунун жаңылануусу, симуляциялык борбордо жана DIMEDUS виртуалдык клиникасында сабак өткөргөн дисциплиналардын үлүшү, жалпы үлгүлүү окуунун деңгээли, аралык жана жыйынтык аттестацияны ийгиликтүү тапшырган студенттердин үлүшү, экзамендердин орточо баасы жана студенттердин билим берүү сапатына болгон канааттануусу, сертификациялык экзаменден өткөндөрдүн үлүшү ж.б.
5. Экзамендик тесттик суроолор семестрдин башында бекитилип, студенттерге алдын ала берилсин.
6. Жаңы окутуучулар үчүн окутуучу семинарлардын санын көбөйтүү: кредиттик окутуу системасы, технологиялык карталар, окуу программалары, жаңы окутуу ыкмалары жана интегративдик программаларды иштеп чыгуу боюнча.
7. Магистратура жана докторантура программаларынын жумушчу пландары жана окуу программалары окутуунун натыйжаларына толук шайкеш иштелип чыксын.
8. Мамлекеттик аттестация жөнүндө жобо жана аттестациялык суроолор, тесттер окутуунун жыйынтыктарына ылайык кайра каралсын.
9. Тобокелдиктерди аныктоо, аларды баалоо боюнча чаралар ишке ашырылсын жана сапатты башкаруу механизмдерин ишке ашыруу камсыздалсын.

10. Лекцияларда жана практикалык сабактарда интерактивдүү окутуу ыкмалары колдонулсун (Iboard платформасы, онлайн-тестирлөө, лабораториялык сабактар ж.б.).
11. Баалоо куралдары иштелип чыксын: студенттер үчүн бирдиктүү баа системасы, так аныкталган принциптери бар жоболор, деңгээлдик тапшырмаларды түзүү эрежелери, ФОСту күткөн натыйжалар менен шайкеш келтирүү.
12. Индия жана Пакистандын Саламаттыкты сактоо министрликтери менен кызматташуу аркылуу стажировкаларды уюштуруу жана ооруканалар менен келишимдерди көбөйтүү ишке ашырылсын.
13. Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги менен кызматташып, бүтүрүүчүлөрдүн квалификациясын Кыргыз Республикасында таануу маселеси чечилсин.

***2.*** **Программалык аккредитациянын IAAR агенттиктеринин эксперттик бүтүмдөрүнүн рекомендацияларынын аткаруу планын талкуулоо** ***(жооптуу: Программа жетекчи: Абдимомунова Б.Т.)***

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов:

Экинчи маселе боюнча сөз эл аралык медицина факультетинин доцент,м.и.к. ***Абдимомунова Б.Т.*** берилет.

**Чыгып сүйлөгөндөр:** ***Абдимомунова Б.Т.*** Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер. 1-июнь 2025-жылы магистратура программасы 5 жылдык мөөнөткө ийгиликтүү аккредитациядан өттү, жана окуу жылына карата иш-планды ишке ашыруунун негизги максаты билим берүү программасынын сапатын жогорулатуу жана аны эл аралык аккредитация талаптарына шайкеш келтирүү болуп белгиленди. Бул үчүн программаны түзүм жана мазмун жагынан модернизациялоо, практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүнү күчөтүү, баалоо-мониторинг системасын өркүндөтүү, санариптик жана изилдөөчүлүк компетенцияларды өнүктүрүү, ошондой эле тармактык мекемелер менен кызматташтыкты кеңейтүү милдеттери коюлду. НААРдын эксперттик комиссиясы 9 стандарт боюнча берген жалпы сунуштарынын негизинде тиешелүү иш-план түзүлүп, анда бардык этаптар, мөөнөттөр жана жооптуу тараптар камтылды жана силерге таратылды.

**Калматов Р.К.:** Рахмат сизге. Урматтуу кесиптештер суроолор барбы?

Момунова А.А.: Сунуштардын бири катары магистратуранын билим берүү программасына симуляциялык окутууну киргизүү каралган. Анын магистратура программасы менен байланышы эмнеде жана бул багытты сиз кандайча көрөсүз?

***Абдимомунова Б.Т. :*** Магистранттардын темалары клиникалык дисциплиналарга байланыштуу болсо, окуунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында программага симуляциялык окутууну киргизүү сунушталды.

Экинчи маселе боюнча ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин 2025-жылдын 12-ноябрындагы №2-жыйынындагы отурумунда **Программалык аккредитациянын IAAR агенттиктеринин эксперттик бүтүмдөрүнүн рекомендацияларынын аткаруу планын талкуулоо** боюнча жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Программалык аккредитациянын IAAR агенттиктеринин эксперттик бүтүмдөрүнүн рекомендацияларынын аткаруу күчөтүлсүн.

**3.Ар түрдүү маселелер.**

3.1.1 Субанова Гулжамал Арстаналиевнанын 14.01.01 – акушерство жана гинекология адистиги боюнча **«Влияние социально-биологических, медицинских и климато-географических условий юга Кыргызстана на репродуктивное здоровье женщин старше 35 лет»** аттуу доктордук диссертациясынын темасын илимий жетекчисин өзгөртүүсүз калтырып, кайрадан бекитүү.

**Угулду:**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, м.и.д., проф. Р.К. Калматов изденүүчү Субанова Гулжамал Арстаналиевнанын илимий темасын сунуштап, анын мазмунуна токтолду. Ал теманын актуалдуулугун, илимий жаңылыгын жана практикалык маанисин баса белгиледи. Андан соң аталган илимий тема кеңеш мүчөлөрүнүн талкуусуна коюлду.

**Талкуу:**

Г. А. Субанова: Кыргызстанда акыркы жылдары аялдардын репродуктивдик саламаттыгын жакшыртууга аракеттер жасалганы менен, 35 жаштан жогору аялдардын саламаттыгы боюнча маселелер жетиштүүүү изилденген эмес. Бул жаш куракта гинекологиялык оорулар жана тукумсуздук коркунучу өсүп, репродуктивдик саламаттык өзгөчө маанилүү маселе болуп калды. Аялдардын 35 жаштан кийин төрөөсү коопсуз шарттарды жана медициналык колдоону талап кылат.

М.и.к. доценттер Н. А. Каримова, М. М. Бугубаева, Ж. А. Абдирасулова теманын актуалдуулугу, илимий жаңылыгы жана практикалык маанилүүлүгү жөнүндө пикир билдиришип, изилдөөнүн илимди өнүктүрүүгө кошкон салымы жогору экендигин белгилешти. Ошондой эле, диссертациялык теманын мазмуну жана изилдөөнүн багыты доктордук илимий даража алуу талаптарына ылайык келери белгиленди.

Жогорудагы талкуунун негизинде жана сунуш-пикирлерди эске алуу менен эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңеши төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Субанова Гулжамал Арстаналиевнанын 14.01.01 – акушерство жана гинекология адистиги боюнча **«Влияние социально-биологических, медицинских и климато-географических условий юга Кыргызстана на репродуктивное здоровье женщин старше 35 лет»** аттуу диссертациялык темасы илимий жетекчисин өзгөртүүсүз калтырылып, бекитүүгө сунушталсын.

3.2. Илимий-методикалык эмгектерди басмага сунуштоо.

3.2.1. Эл аралык медицина факультетинин коомдук саламаттыкты сактоо жана далилдөө медицина кафедрасынын окутуучулары Абдимомунова Б.Т., Абжапарова А.З., Маматкулова Н.М. жана Даутов Т.Т. тарабынан даярдалган *«Teaching and methodological guide for intestinal infections»* аттуу окуу-методикалык колдонмосун жана *«Workbook for practical classes on the discipline: infectious diseases»* аттуу жумушчу дептерди басмадан чыгарууга сунуштоо жөнүндө.

**Угулду:**

Окумуштуулар кеңешинде коомдук саламаттыкты сактоо жана далилдөө медицина кафедрасынын окутуучулары Абдимомунова Б.Т., Абжапарова А.З., Маматкулова Н.М. жана Даутов Т.Т. тарабынан даярдалган **«Teaching and methodological guide for intestinal infections»** аттуу окуу-методикалык колдонмосун жана *«***Workbook for practical classes on the discipline:**

**infectious diseases»** аттуу жумушчу дептерди басмадан чыгарууга сунуштоо жөнүндө айтып өтүп, талкуууга койду.

**Талкуу :**

м.и.к., доценттер, М.М. Бугубаева, Эсенгелди к. А. жана б.и.к., доцент А.А. Момуновалар жарыш сөзгө чыгып, сүйлөшүп, басмадан чыгарууга сунушташты.

Жогорудагы талкуунун негизинде эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңеши төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Эл аралык медицина факультетинин коомдук саламаттыкты сактоо жана далилдөө медицина кафедрасынын окутуучулары Абдимомунова Б.Т., Абжапарова А.З., Маматкулова Н.М. жана Даутов Т.Т. тарабынан даярдалган *«Teaching and methodological guide for intestinal infections»* аттуу окуу-методикалык колдонмосун жана *«Workbook for practical classes on the discipline: infectious diseases»* аттуу жумушчу дептерди басмадан чыгарууга сунушталсын жана колдоп берүү үчүн ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын;

3.2.2. Эл аралык медицина факультетинин клиникалык дисциплиналар 1 кафедрасынын окутуучулары к.м.н. Г.С. Рысбекова, доцент С.М. Маматова, Мурзабек кызы Асел, Б.С. Мусаева, А.Н. Оморова жана доцент Эсенгелди к А. тарабынан даярдалган «Acute and Long term Complications of Diabetes Type 1 and Type 2 : Modern Approaches to Diagnosis and Treatment"» жана «International Standards for the Management of Diabetes Mellitus» аттуу окуу-методикалык колдонмолорун басмадан чыгарууга сунуштоо жөнүндө.

**Угулду:**

Окумуштуулар кеңешинде төрага клиникалык дисциплиналар 1 кафедрасынын окутуучулары Г.С. Рысбекова, С.М. Маматова, Мурзабек кызы Асел, Б.С. Мусаева, А.Н. Оморова жана Эсенгелди к А. тарабынан даярдалган «Acute and Long term Complications of Diabetes Type 1 and Type 2 : Modern Approaches to Diagnosis and Treatment"» жана «International Standards for the Management of Diabetes Mellitus» аттуу окуу-методикалык колдонмолорун басмадан чыгарууга сунуштоо жөнүндө айтып өтүп, талкуууга койду.

**Талкуу :**

м.и.к., доценттер, М.М. Бугубаева, Каримова Н.А. жана б.и.к., доцент А.А. Момуновалар жарыш сөзгө чыгып, сүйлөшүп, басмадан чыгарууга сунушташты.

Жогорудагы талкуунун негизинде эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңеши төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

2. Эл аралык медицина факультетинин Г.С. Рысбекова, С.М. Маматова, Мурзабек кызы Асел, Б.С. Мусаева, А.Н. Оморова жана Эсенгелди к А. тарабынан даярдалган **«Acute and Long term Complications of Diabetes Type 1 and Type 2 : Modern Approaches to Diagnosis and Treatment"» жана «International Standards for the Management of Diabetes Mellitus»** аттуу окуу-методикалык колдонмолорун басмадан чыгарууга сунушталсын жана колдоп берүү үчүн ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын;

Төрага: Р.К. Калматов

Катчы: А. Мурзабек кызы